1.11.4. Жер жерлердеги кафе, ресторандарда кассаларды, туулган күндөрдү уюштуруп өткөрүүгө чектөөлөрдү киргизүү.

## 2. Райондук деңгээлдеги комиссия курамынын максаттары жана милдеттери.

### 2.1. Райондук деңгээлдеги түзүлгөн комиссиясы:

2.1.1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы "Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар" жөнүндөгү №54 Жарлыгынын райондун аймагында атакарылышына жетекчилик кылат;

2.1.2. Райондук комиссияда тиешелүү маселелерди карайт, райондук деёгээлдеги жобонун талаптарынын аткарылышына мониторинг жана көзөмөл жүргүзөт;

2.1.3. Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүдө жана коомдук турмуштагы ашыкча ысырапкерчиликти жоюу боюнча тиешелүү иш-аракеттерди көрөт, жер жерлерде эл арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнү уюштурат;

2.1.4. Аймакта ысырапкерчиликти жоюу жана ыксыз чыгымдарды кыскартуу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын алдындагы түзүлгөн шаардык, айылдык деңгээлдеги жергиликтүү комиссиянын чечимдериндеги даттанууларды карайт, ишин көзөмөлдөйт жана сунуштарын угат;

2.1.5. Чечим кабыл алуу татаалданткан жагдайлар келип чыккан учурда чара көрүү үчүн облустук комиссияга сунуш киргизет.

## 3. Райондук деңгээлдеги жобонун эрежелерин бузган учурда тиешелүү жактарга мыйзамда белгиленген тартипте чара көрүүнүн тартиби:

3.1. Райондук деңгээлдеги жобонун эрежелерин, мыйзамдуу чечимдерин жана талаптарын аткарбай койгон учурда мыйзамда белгиленген тартипте тиешелүү органдар тарабынан чараларды көрүү;

3.2. Шаар, айылдарда үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эске алуудагы ырым-жырымдарды өткөрүү боюнча райондук жобонун талабы жеке жактар тарабынан бузулган учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамынын "Укук бузуулар" жөнүндөгү кодексинде, жергиликтүү кеңештери жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кабыл алынган тиешелүү чечимдерине ылайык айып пулдарды салуу тартибин кароо.